**Кафедранын окуу-методикалык иштери**

Кафедрада жалпы медицина, педиатрия, стоматология, фармация, жогорку мед айымдык билим берүү жана медициналык инженерия факультеттеринин студенттери билим алышат.

Кафедрада окуу процессин өркүндөтүүнүн артыкчылыктуу багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:

1. Мамлекеттик жалпы билим берүү стандарттарынын, типтүү окуу программаларынын жана адистердин квалификациялык мүнөздөмөлөрүнүн талаптарына ылайык практикалык жана лабораториялык сабактар үчүн жаңы жумушчу программаларды, лекцияларды, окуу-методикалык колдонмолорду жана методикалык сунуштарды иштеп чыгуу;
2. Гигиена илиминин азыркы жетишкендиктеринен улам билим берүү программаларын жана тематикалык пландарын өркүндөтүү, аларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
3. Окутуунун инновациялык формаларын жана методдорун киргизүү;
4. Студенттердин теориялык жана практикалык даярдыктарынын сапатын жогорулатуу максатында кафедранын гигиеналык жана клиникалык бөлүмдөрү менен өз ара байланышын тереңдетүү.
5. Жалпы гигиенанын бардык бөлүмдөрү боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Лекциянын материалдары заманбап гигиеналык илимдин жетишкендиктерин эске алуу менен дайыма жаңыланып турат; лекциялардын электрондук нускалар бардык окуу программалары үчүн презентация түрүндө даярдалган.

Студенттер менен иштөөдө ар кандай андрогикалык технологиялар, анын ичинде эксперименталдык методдор жана окутуунун формалары колдонулат, мисалы:

Көйгөйгө багытталган окутуу (PBL – Problem-based learning);
Тапшырмага багытталган окутуу (TBL - task-based learning);
Топко багытталынган окутуу (TBL - team-based learning);
Студентке багытталган окутуу (SCL – student-centred learning);
Изилдөөгө негизделинген окутуу (RBL – research-basedlearning);
Долбоорго негизделген окутуу (PBL - project-based learning).



Студенттердин өз алдынча иштөөсүнө өзгөчө роль берилет. Гигиенанын бардык бөлүмдөрү үчүн студенттердин өз алдынча иштөөсүүнө темалардын мазмуну жана тартиби иштелип чыккан.

Мугалимдин ишинин бардык аспектилерин эске алуу менен билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы аркылуу кызматкерлердин ишинин сапатын баалоо системасы киргизилди. Кафедра бекитилген график боюнча лекцияларга жана практикалык сабактарга өз ара катышууну уюштуруп, нөөмөттөгү мугалимдерди студенттердин кайра тапшыруу сабагын кабыл алуусун уюштуруп, аткарылган иштер боюнча үзгүлтүксүз отчет берип турат. Бул иштин жыйынтыгы кафедралык журналдарга жазылып жана жыйналыштарында талкууланат.